«Бекитемин»
Илим, эл аралык коммуникациялар
жана инновация боюнча проректор,
п.и.д., доцент Чалданбаева А.К.
______________________
«___»_______________2024-жыл

И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин
Э.Ж. Маанаев атындагы Тарых жана социалдык-укуктук билим берүү
институтунун философия жана гуманитардык дисциплиналар кафедрасынын
кезексиз кеңейтилген № 9 отурумунун бүтүмү

21.05.2024-ж. Бишкек шаары, Саманчина көчөсү, 10

**Катышкандар:** Арзыматов Ж.С. - филос.и.к., проф. м.а. (09.00.01) (жыйындын төрагасы), Сариева К. - филос.и.д., проф.м.а. (09.00.01), Бейшенова А.Т. - филос.и.д., проф.м.а. (09.00.11), Алымкулов М.С. - филос.и.д.,профессор (09.00.11), Сааданбекова Ч.И. - филос.и.д., проф.м.а. (09.00.11), Осмонова Д. А. - филос.и.д., профессор (09.00.11), Субанбекова М.Ш. - филос.и.к., доцент (09.00.03), Каниметов Э.Ж. - филос.и.к., доцент (09.00.11), Алымкулов З.А. - филос.и.к, доцент (09.00.03), Кочкорова Д.А. - филос.и.к., доценттин м.а. (09.00.11), Арыпбекова К.Б. - филос.и.к., доценттин м.а. (09.00.11),Жунушова Г. - филос.и.к., доценттин м.а. (09.00.11),Эрмекбаєва А.Б. - ага окутуучу, Абдылдаева А.Т. - окутуучу, Барпыбаева Ж.К. - окутуучу, Эркинбек кызы М. - окутуучу.
Отурумду (жыйналыш) баштоо чечими кабыл алынды.

**Күн тартиби:**

1. И. Арабаев атындагы КМУнун изденүүчүсү Нусубалиева Елиза Шамшарбеконанын 09.00.11 - социалдык философия адистиги боюнча философия илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип

жарандык иденттүүлүк түшүнүгүнө философиялык анализ” аттуу доктордук диссертациялык ишин талкулоо. Илимий консультанты: философия илимдеринин доктору, доцент Бейшенова А.Т

**Угулду: Жыйындын төрагасы Ж.С.Арзыматов - филос.и.к., профессордун милдетин аткаруучу:**

Урматтуу кесиптештер! Бүгүн изденүүчү Е.Ш.Нусубалиеванын философия илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу учун жазылган “Эгемендүү Кыргызстандын жаштарынын жарандык иденттүүлүк түшүнүгүнө философиялык анализ” аттуу диссертациялык иши 1-жолу талкууга коюлуп жатат. Илимий консультанты: философия илимдеринин доктору, доцент Бейшенова А.Т.

Бүгүнкү талкууну Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясынын талаптарына ылайык өткөрүү максатка ылайык, Елиза Шамшарбековнанын доктордук ишинин темасы биздин университеттин окумуштуулар кеңешинде бекитилген. Ал иштин ийгиликтүү жыйынтыкталып жатышы биздин окуу жайдагы илим тармагындагы иштердин жүрүп жаткандыгынан кабар берет. Бүгүнкү кеңейтилген жыйындын ишине ийгилик каалайбыз. Жакшы өткөрүп алууга тилектешмин.

**Жыйындын төрагасы Ж.С. Арзыматов**: Урматтуу кеңейтилген жыйындын катышуучулары, бүгүнкү маселе боюнча суроолор барбы? Жок болсо изденүүчүгө сөз берсек. Диссертант, сизге регламент боюнча он беш мүнөт убакыт берилет.

Нусубалиева Е.Ш. - И.Арабаев атындагы КМУнун изденүүчүсү, п.и.к., доцент:

Саламатсыздарбы, урматтуу жыйындын төрагасы жана урматтуу кесиптештер. Талкууга коюлуп жаткан диссертация философия илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип

алуу үчүн 09.00.11. - социалдык философия адистиги боюнча жазылып ”Эгемендүү Кыргызстандын жаштарынын жарандык иденттүүлүк түшүнүгүнө философиялык анализ” деп аталат.

Бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасы көп улуттуу жана көп конфессиялуу мамлекет болуп саналат. Бул контекстте мамлекет башчысынын 2021-2026-жылдары Кыргыз Республикасында Кыргыз жараны жарандык иденттүүлүктү өнүктүрүү Концепциясы жарлыгы жарандык жана социалдык жоопкерчиликти мындан ары жогорулатуунун натыйжалуу куралы болуп калат.

Кыргыз Республикасындагы Кыргыз жараны – жарандык иденттүүлүктү өнүктүрүү концепциясы Кыргыз Республикасындагы элдин биримдигин жана этностор аралык мамилелерди чыңдоо боюнча ишке ашырылып жаткан Улуттук өнүктүрүү стратегиясынын бир бөлүгү болуп саналат жана Кыргыз жараны – жарандык иденттүүлүктү Кыргыз Республикасынын бардык жарандарын бириктирүүчү жарандык иденттүүлүк катары курууга карата мамилени алдыга коет.

Калктын олуттуу бөлүгүнүн жашоо деңгээлинин төмөндөшү, кылмыштуулуктун өсүшү, саясий жана экономикалык коллизиялар, терроризм, маданий шок, моралдык жана нравалык принциптердин жоголушу – мына ушул факторлордун бардыгы жаштардын аң-сезимине жана жүрүм-турумуна, социалдаштыруунун позитивдүү негиздерин бурмалоо жана жок кылуу менен таасирин тийгизет. Буга байланыштуу болуп жаткан социалдашуудан четтөө жаштарга конструктивдүү социалдык байланыштарды жана мамилелерди, баалуулуктарды жана нормаларды сактап калууга жана кайра өндүрүүгө тоскоол болууда.

Коом башынан өткөргөн курч социалдык көйгөйлөр мамлекет, өлкө жаштар үчүн терминалдык баалуулук болбой калышына алып келди.

Жаштардын жарандык иденттүүлүгү жаштардын социалдык интеграциясынын жана социалдык кайра жаралуусунун комплекстүү көйгөйү катары азырынча өзүнчө изилдөө предмети болуп чыга элек. Азыркы Кыргызстанда жаштардын жарандык иденттүүлүгүн изилдөөгө арналган изилдөөлөр жок, жарандык иденттүүлүк жөнүндө маселе концептуалдуу түрдө учурда коюла элек.

Жаштардын жарандык иденттүүлүгү жаштардын социалдык интеграциясынын жана социалдык кайра жаралуусунун комплекстүү көйгөйү катары азырынча өзүнчө изилдөө предмети болуп чыга элек. Азыркы Кыргызстанда жаштардын жарандык иденттүүлүгүн изилдөөгө арналган изилдөөлөр жок, жарандык иденттүүлүк жөнүндө маселе концептуалдуу түрдө учурда коюла элек.

Коомдук-саясий мейкиндиктеги өзгөрүүлөр мамлекеттүүлүктүн ийгиликтүү келечеги үчүн стратегиялык мааниге ээ болгон: жалпы туруксуздук жана социалдык-маданий трансформация мезгилинде жаш муундун жарандык иденттүүлүгүн калыптандыруу процесси кандай болушу керек? деген көйгөйдү жаратат. Белгиленген проблема диссертациялык иштин темасын “Эгемендүү Кыргызстандын жаштарынын «жарандык иденттүүлүк» түшүнүгүнө философиялык анализ” деп аныктоого өбөлгө түздү.

Жаш муундун жарандык иденттүүлүгүнүн ушул жана башка карама-каршылыктарын изилдөө зарыл. Изилдөөнүн актуалдуулугун жаштардын жарандык иденттүүлүгүн калыптандырууну изилдөөгө концептуалдык ыкмаларды иштеп чыгуу зарылдыгы да ырастайт.

**Изилдөөнүн максаты** жаштардын жарандык иденттүүлүгүн калыптандыруу жана анын негизинде жаштардын жарандык иденттүүлүгүнүн абалын жана динамикасын иликтөө болуп саналат.

Бул максатты ишке ашыруу төмөнкүдөй милдеттерди коюуну жана чечүүнү шарттайт:

1. жаштардын жарандык иденттүүлүгүн изилдөөнүн теориялык-

философиялык негиздерин аныктоо;

2. жаштардын жарандык иденттүүлүгүнүн абалын жана динамикасын белгилөө;
3. изилдөөнүн методологиялык негиздерин жана методдорун ачыктоо менен жарандык иденттүүлүктүн баалуулук-ченемдик негиздеринин мүнөздөмөсүн аныктоо;
4. Кыргызстандагы студент жаштардын жарандык иденттүүлүгүн калыптандыруунун контекстинде этникалык жана диний факторлорунун айкалышынын маселелери изилдөө
5. «кыргыз жараны» бирдиктүү жарандык иденттүүлүктү аныктоо;
6. изилдөөнүн алкагында жаштардын жарандык иденттүүлүгүнүн моделин иштеп чыгуу жана инструменталдык моделин конструкциялоо;
7. жарандык иденттүүлүктүн интегративдик маңызын жана анын түптөлүшүнүнө карата интегративдик мамилени ачуу;

**Диссертациялык изилдөөнүн илимий жаңылыгы** студент жаштардын жарандык иденттүүлүгүн комплексттүү изилдөөгө багытталган милдеттердин жыйындысы менен аныкталат. Ал жарандык иденттүүлүктүн жана муундардын ишмердүүлүгүнүн түзүмүн жана айрым аспектилерин калыптандыруунун өз ара көз карандылыгы жана өз ара шартталышы жөнүндө теориялык жобого негизделет жана төмөнкүдөй чагылдырылат:

1. жарандык иденттүүлүктү калыптандыруунун өзгөчөлүктөрүн талдоонун негизинде бул категорияны жана анын түзүмдүк компоненттерин изилдөө үчүн маанилүү аныктама такталды;
2. Кыргызстандагы студент жаштардын жарандык иденттүүлүгүн калыптандыруунун контекстинде этникалык жана диний факторлорунун айкалышынын маселелери изилденди.
3. жарандык иденттүүлүктү калыптандырууда мамлекеттик бийликтин ролу аныкталды;

4. көп маданияттуу коомдо студенттердин жарандык иденттүүлүгүн калыптандыруунун комплекстүү механизми ачылды;
5. студент жаштардын жарандык иденттүүлүгүнүн калыптанышынын өзгөчөлүктөрү аныкталды.

**Диссертациянын илимий-практикалык мааниси**: Алынган натыйжалар этностук чыр-чатактардын жана сепаратисттик тенденциялардын пайда болушун чечүү жана алдын алуу ишинде, ошондой эле мамлекеттик жаштар саясатын жүргүзүүдө жана жарандык иденттүүлүктү калыптандыруу боюнча улуттук стратегияларды иштеп чыгууда колдонулушу мүмкүн.

Жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн дисциплиналар аралык мүнөзү анын материалдарын жана теориялык натыйжаларын илимдин ар кандай тармактарында жана ар кандай предметтер боюнча окуу программаларында: философияда, психологияда, педагогикада, этникалык конфликтологияда, этикада колдонууга мүмкүндүк берет. Ошондой эле, алар заманбап глобалдаштыруу процесстерин изилдөө боюнча, иденттүүлүк маселелери боюнча, этика боюнча, ошондой эле жалпы эле мамлекеттик жаштар саясаты боюнча атайын курстарды иштеп чыгуу үчүн колдонулушу мүмкүн.

**Коргоого сунушталган жоболор:**

1. Жарандык иденттүүлүк – бул жарандык идентификациянын натыйжасы, башкача айтканда, индивид таандык болгон жарандык жалпылыкка мүнөздүү ченемдерди, идеалдарды, баалуулуктарды, ролдорду жана моралдык сапаттарды инсан тарабынан кабыл алуу жана өздөштүрүү процесси.
2. Мульти маданий мамиле-ыкманын алкагында каралып жаткан «кыргыз жараны» жаңы жарандык иденттүүлүк жергиликтүү, локалдык (этностук, диний ж. б.) иденттүүлүктөр менен бирге жанаша жүрүү менен кыргызстандык коомду консолидациялоонун механизми

болуп саналат.

3. Жарандык иденттүүлүк инсандын (топтун) өзүн бардык социо-маданий өлчөмдөрдө коом менен байланыштыруусунун натыйжасы болуп саналат, анын натыйжасында индивид өзүн мамлекет, коом, өлкө менен идентификациялайт, өзүн «өзүбүздүкүлөр» жана «башкалар» топтору менен байланыштыруунун бекемделген көз караштарынын, критерийлеринин жана параметрлеринин жыйындысын түзүү болуп калат.
4. Студенттердин жарандык иденттүүлүгү негизги атаандаш иденттүүлүк – этникалык иденттүүлүк, диний идентүүлүк менен айкалыштырылышы мүмкүн, бирок тең салмаксыз болушу да мүмкүн. Тигил да, бул да иденттүүлүк гиперболизацияланган түрдө конфронтациялык болууга жөндөмдүү.
5. Студенттердин жарандык жана этникалык, диний иденттүүлүктөр бири-бирине карама-каршы келбейт, тескерисинче алар бири-бирин толуктап турат.
6. Мамлекеттеги жарандыктын, жарандык иденттүүлүктүн жана жарандардын укуктары менен эркиндиктеринин актуалдуу көйгөйлөрү, баарынан мурда мамлекеттүүлүктүн жаңы формаларын издөөнүн зарылдыгы, жарандардын мамлекетке карата милдеттерин жана мамлекеттин функцияларын өз жарандарына карата өзгөртүү маселеси курч болуп калган социалдык-саясий өзгөрүүлөр мезгилинде актуалдуу болуп келет.
7. Жаштардын жарандык иденттүүлүгүн жана позициясын калыптандыруу өлкө үчүн сыймыктануу сезиминен түздөн-түз көз каранды болот.
8. Кыргызстандыктардын жарандык иденттүүлүгүн калыптандыруудагы кыйынчылыктар жана көйгөйлөр жарандардын негизги саясий жана мамлекеттик институттарга ишениминин төмөн деңгээли, социалдаштыруучу таасир көрсөтүүнүн жөнгө салынган

механизмдеринин жана жарандыкты калыптандыруунун так, анык саясатынын жоктугу менен шартталган.

9. Азыркы этапта жарандык иденттүүлүктү бекемдөө максатында студент жаштарды социалдаштыруу процессин оптималдаштыруунун негизги шарты мамлекеттик өнүгүүнүн баалуулуктары жана максаттары жөнүндө коомдук түшүнүктөрдү калыптандыруу саясатын мамлекет тарабынан ишке ашыруу болуп саналат.
10. Студент жаштарды социалдаштыруу процессинде жарандык иденттүүлүктү калыптандыруу көйгөйлөрүн саясий элитанын кызыкчылыктарынын чөйрөсүнө гана чектеп киргизүүгө болбойт. Саясий социалдаштыруунун натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн бийликтин көпчүлүк институттарына ишенбөөчүлүктүн даражасы өтө жогорку деңгээлге жеткендиктен, мамлекет башка коомдук институттардын социалдаштыруучу ишмердүүлүгүн өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүшү керек.
11. Иденттүүлүккө социалдык топтор да, ошондой эле айрым индивиддер да ээ болушат, ошол эле учурда алардын айрым аспектилери бири-бирин толуктап турган бир нече иденттүүлүккө (этникалык, диний ж.б.) ээ болушат. Иденттүүлүктөрдү тандоо алардын «кагылышуусуна» эмес, «цивилизациялардын кагылышуусуна» эмес, глобалдык жана өз ара көз каранды келген дүйнөнүн маданий көп түрдүүлүгүн таануугa негизделген ар кандай улуттук иденттүүлүктөрдүн өз ара аракеттенүүсүнө алып келиши керек, анда адамдар, улуттар өздөрүн жергиликтүү коомдорунун гана эмес, бүтүндөй адамзаттын бир бөлүгү катары сезиши керек.

**Изденүүчүнүн жеке салымы** Негизги тыянактар жана жоболор жарандык иденттүүлүктү, анын мазмундук компоненттерин жана айрым аспектилерин талдоо жаатындагы теориялык-методологиялык жана практикалык түшүнүктөрдү, көз караштарды тереңдетүү үчүн, ошондой эле азыркы Кыргызстандын жарандык идентификациялоо

процессинин алкагындагы ишмердүүлүктүн институционалдык мамилелерин, ченемдик базасын жана практикасын өркүндөтүү үчүн колдонулушу мүмкүн.

Алынган жыйынтыктар ушул тематикадагы илимий эмгектерди жазууда да керектелиши мүмкүн, айрыкча диссертацияда кайрылган айрым темалар жана сюжеттер өзүнчө дагы өз алдынча изилдөө багыттары катары андан ары кылдат иштеп чыгууну талап кылат.

Диссертациянын структурасы жана көлөмү изилдөөнүн максаттары жана милдеттерине туура келет. Диссертация киришүүдөн, 11 параграфты камтыган төрт баптан, корутундудан, колдонулган адабиятгардын тизмесинен турат. Диссертациянын жалпы көлөмү – 277 бет. Көңүл бурганыңыздар үчүн чоң рахмат!

**Жыйындын төрагасы Ж.С. Арзыматов**: Анда суроо-жоопко өтсөк.

**Алымкулов М.С**. - филос.и.д., профессор: Биринчи суроо: «Жарандык» жана «жарандык иденттүүлүк» түшүнүктөрү бирдейби? Экинчи суроо: Сиздин оюңузча, азыркы кездеги «кош жарандуулук» кыргыздардын жарандык иденттүүлүгүнө таасири кандай?

**Жооп:** 1. Жарандык жана жарандык иденттүүлүк эки маанилүү, бирок ар башка түшүнүктөр. Жарандык белгилүү бир мамлекеттеги адамдын мыйзамдуу түрдө таанылган абалын билдирет, ал ошол мамлекеттин алдында белгилүү бир укуктарды жана милдеттерди берет. Жарандын статусу мыйзамдуу түрдө аныкталат жана төрөлүү, нике, натурализация ж. б.

Башка жагынан алганда, Жарандык иденттүүлүк инсандын өзүн-өзү аңдоосун, анын белгилүү бир жамаатка же адамдардын тобуна таандык болуу сезимин билдирет, адатта белгилүү бир маданий, социалдык же этникалык контекст менен байланышкан. Жарандык иденттүүлүк тил, дин, тарых, жалпы баалуулуктар жана каада-салттар сыяктуу ар кандай факторлор менен калыптанышы мүмкүн.

Ошентип, жарандык жана жарандык иденттүүлүк бири-бирине байланыштуу болушу мүмкүн, бирок алар бирдей эмес. Жарандык мамлекеттеги укуктук статуска басым жасайт, ал эми жарандык иденттүүлүк өзүн-өзү билүүнүн жана белгилүү бир социалдык-маданий топко таандык болуунун кеңири аспектисин чагылдырат.

Жарандык жарандын өзүнүн белгилүү бир мамлекетке таандык экендигин аңдап-түшүнүүнүн мыйзамдуу укугун билдирет. Ал жарандын статусунун өбөлгөсү жана негизи болуп саналат.

Жарандык – мамлекет менен инсандын ортосундагы мамилелердин белгилүү бир комплекси, адамдын мамлекет менен туруктуу укуктук байланышы, алардын өз ара укуктарынын жана милдеттеринин жыйындысы менен чагылдырылган адамдын мамлекетке таандыктыгы.

Жарандык иденттүүлүк инсандын тигил же бул өлкөнүн жарандарынын жамаатына өзүнүн таандыктыгын аңдап билүүсү, ошол мамлекеттин саясий жана социалдык турмушуна катышуусу менен байланышкан.

**1.** Кыргыздардын жарандык өзгөчөлүгүнө “кош жарандуулуктун” азыркы таасири ар түрдүү болушу мүмкүн жана жеке жагдайларга, социалдык-маданий контекстке жана саясий кырдаалга жараша болот. Кош жарандык бир нече өлкөлөрдө жарандык мүмкүнчүлүктөрүн түзүп, мобилдүүлүктү, билим алууга, жумушка жана башка ресурстарга жетүүнү жеңилдетет. Бир жагынан, бул горизонттун кеңейишине жана маданий байытууга, ошондой эле ар кандай жамааттар жана маданияттар менен байланышты бекемдөөгө жардам берет. Башка жагынан алганда, кош жарандуулук, айрыкча, улуттук жана жарандык таандыктык контекстинде инсандык суроолорду жаратышы мүмкүн. Бул өзүн-өзү аныктоодо жана белгилүү бир улутка же маданиятка таандык болуу сезиминде бүдөмүккө же конфликтке алып келиши мүмкүн. Жалпысынан алганда,

кыргыздардын жарандык өзгөчөлүгүнө кош жарандуулуктун таасири татаал жана кош болушу мүмкүн, бул статустун оң жана терс жактарын да чагылдырат. Бул таасирди талдоодо жеке жана жамааттык тажрыйбаларды жана ошондой эле контексттик факторлорду эске алуу маанилүү.

**Сааданбекова Ч.И**. - филос.и.д., проф.м.а.: Суроо: Кыргызстанда жарандык иденттүүлүктүн калыптанышына исламдын таасири кандай?

**Жооп:** Ислам Кыргызстанда Жарандык иденттүүлүктүн калыптанышына олуттуу таасирин тийгизет жана бул тарыхый жана азыркы контекст менен шартталган. Биринчиден, исламдын таасири жашоонун ар кандай аспектилеринде, анын ичинде үй-бүлөлүк баалуулуктар, билим берүү, мыйзамдар жана жүрүм-турум нормаларында байкалат. Экинчиден, СССР ыдырап, 1991-жылы эгемен Кыргызстандын пайда болушу менен ислам улуттук иденттүүлүктүн маанилүү элементине жана маданий ассимиляцияга каршылык көрсөтүүнүн символуна айланган. Бул мезгилде көптөгөн кыргыздар иденттүүлүк жана коомдук турмушту уюштуруу үчүн өздөрүнүн диний тамырларына кайрылышкан. Мечиттер жана ислам билим берүү мекемелери адамдар ислам жана жарандык иденттүүлүк маселелерин талкуулаган борборлорго айланды. Бирок, Кыргызстанда исламдын жарандык иденттүүлүккө тийгизген таасири эки ача экенин белгилей кетүү керек. Азыркы коомдо исламдын секулярдык мамлекет жана жарандык иденттүүлүк принциптерине карама-каршы келиши мүмкүн болгон ар кандай жоромолдору бар. Исламдын айрым жоромолдору социалдык жана саясий чыңалуунун булагы болуп калса, башкалары жарандык аң-сезимди жана ар кандай этникалык жана диний топтордун кызматташтыгын бекемдейт. Ошентип, Кыргызстанда Жарандык иденттүүлүктүн калыптанышына исламдын таасири көп кырдуу болуп саналат жана коомдук-саясий контекстке

жана коомдун өзгөрүп жаткан баалуулуктарына ылайык өнүгүп келе жатат.

**Сариева К.С**. - филос.и.д., профессор. Суроо: Кыргызстанда жарандык аң-сезимди калыптандырууда кайсы маданий жана диний аспектилер негизги ролду ойнойт?

**Жооп:** Кыргызстанда жарандык аң-сезимди калыптандырууда төмөнкү маданий жана диний аспектилер негизги ролду ойнойт:

1. Билим берүү жана тил саясаты: Билим берүү системасы жана тил саясаты жарандык баалуулуктарды, адам укуктарын жана эркиндиктерин урматтоону, ошондой эле зордук-зомбулукка каршы жана сабырдуулукту жайылтуу аркылуу жарандык аң-сезимдин калыптанышына таасирин тийгизет.
2. Ислам: Өлкөдөгү негизги дин катары исламдын жарандык аң-сезимдин калыптанышына чоң таасири бар. Ислам баалуулуктары, нормалары жана үрп-адаттары коомдогу адеп-ахлактык принциптерге жана социалдык мамилелерге таасирин тийгизет.
3. Этникалык маданият: Кыргызстандагы этникалык топтордун көп түрдүүлүгү ар түрдүү маданий чөйрөнүн калыптанышына өбөлгө түзөт. Ар түрдүү этностордун каада-салттарын, тилдерин жана үрп-адаттарын сактоо маданияттардын көп түрдүүлүгүн урматтоо аркылуу жарандык аң-сезимди өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт.
4. Салттык үрп-адаттар, каада-салттар: Кыргызстан үй-бүлө курууга, майрамдарга, тойлорго жана башка окуяларга байланыштуу көптөгөн салттарга бай. Бул каада-салттар жамааттын ичиндеги байланышты гана бекемдебестен, өлкөнүн маданий мурасына таандык болуу сезимин калыптандырат.
5. Жарандык институттар жана уюмдар: Жарандардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоого багытталган жарандык уюмдар жана мекемелер жарандык аң-сезимди калыптандырууда, жарандардын

коомго жана саясатка активдүү катышуусуна көмөктөшүүдө маанилүү роль ойнойт.

Бул аспектилер бири-бири менен өз ара байланышып, өз ара аракеттенип, Кыргызстанда маданий, диний, социалдык жана саясий компоненттерди камтыган жарандык иденттүүлүктүн комплекстүү идеясын түзөт.

**Каниметов Э.Ж. -** филос.и.к., доцент: Жарандык иденттүүлүктүн, анын ичинде студенттеринин жарандык иденттүүлүгүнүн калыптанышы келечекте Кыргызстандагы этностордун өз ара маданий катнаш-коммуникациясынын мүнөзүн аныктайт. Азыркы учурда Кыргызстанда жашаган этностордун жаш муундарынын жарандык иденттүүлүгүнүн структурасында кандай иденттүүлүкө зор маани берилиши зарыл?

**Жооп**: Албетте, биздин республикадагы жарандык иденттүүлүктүн, анын ичинде жаштардын иденттүүлүгүнүн негизги системалуу компоненти болуп каралган кыргызстандык, мамлекеттик иденттүүлүкө зор маани берилиши керек. Ошону менен бирге эле, этникалык, регионалдык иденттүүлүк дагы жарандык иденттүүлүктү калыптандырууда мамлекеттик иденттүүлүк менен катар мааниге ээ болушу мүмкүн. Бул, албетте, татаал маселе. Муну чечүүгө багытталган мамлекеттик расмий документтер маселени бардык жагынан жана ар тараптуу изилдеп чыккан соң дагы жаңыланат деп ойлом.

**Алымкулов З.А**. - филос.и.к., доцент: Кыргызстанда жарандык жана диний иденттүүлүктүн тең салмактуулугун сактоодо мамлекеттик саясаттын ролу кандай?

**Жооп**: Төмөнкү чаралар жана аракеттер аркылуу Кыргызстанда жарандык жана диний иденттүүлүктүн тең салмактуулугун сактоодо мамлекеттик саясат негизги ролду ойнойт:

1. Светтик мамлекет: Кыргызстанда мамлекеттик саясат дин менен мамлекетти бөлүү деген светтик принциптерге негизделген. Бул диний көз карашына карабастан бардык жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоого жардам берип, мыйзам алдында теңдигин камсыздайт.
2. Мыйзамдар: Мамлекет диний жамааттар менен жарандык коомдун ортосундагы мамилелерди жөнгө салуучу мыйзамдарды жана ченемдик актыларды кабыл алат. Буга дин эркиндиги боюнча мыйзамдар, басмырлоого каршы мыйзамдар жана абийир эркиндиги боюнча мыйзамдар кирет.
3. Диндер аралык диалог жана кызматташтык: Өкмөттүн саясаты өлкөдөгү түрдүү диний жамааттардын ортосундагы диалогду жана кызматташтыкты кубаттайт. Бул ар кандай динге ишенгендердин ортосундагы өз ара түшүнүшүүнү, урматтоону жана тынчтыкта жанаша жашоону чыңдоого жардам берет.
4. Билим берүү жана агартуу: Өкмөттүн саясаты ар кандай диндер жана маданияттар жөнүндө билимге жана маалыматка жетүүнү камсыз кылууга багытталган. Бул жарандарга критикалык ой жүгүртүүнү жана диний ишенимдердин ар түрдүүлүгүнө сабырдуу мамилени өнүктүрүүгө жардам берет.
5. Адам укуктарын коргоо: Мамлекет адам укуктарын, анын ичинде дин тутуу эркиндигине болгон укукту активдүү коргойт. Бул динге ишенгендерди диний көз карашы боюнча басмырлоодон, куугунтуктоодон жана зомбулуктан коргоону камтыйт.

Жалпысынан Кыргызстанда мамлекеттик саясат ар кандай диний жана этникалык топтордун ортосунда тынчтыкта жанаша жашоо жана өз ара түшүнүшүү үчүн шарттарды түзүүгө, ошондой эле толеранттуулуктун, теңчиликтин жана ар бир адамдын укуктарын жана эркиндиктерин урматтоо принциптерине негизделген жарандык иденттүүлүктү камсыз кылууга багытталган.

**Осмонова Д. А.** - филос.и.д., профессор: Как юношеский максимализм и обостренное чувство социальной несправедливости у студентов способствуют формированию их гражданской идентичности и восприимчивости к деструктивным политическим и религиозным идеологиям в условиях социальных и культурных изменений в Кыргызстане?

**Жооп:** Юношеский максимализм и острое чувство социальной несправедливости среди студентов могут играть ключевую роль в формировании их гражданской идентичности и восприимчивости к деструктивным политическим и религиозным идеологиям в контексте социальных и культурных изменений в Кыргызстане. В период юности люди часто испытывают сильное желание изменить мир к лучшему. Это стремление может привести к активной гражданской позиции, поиску смысла и своего места в обществе. Молодежь может сталкиваться с недостатком возможностей и социальной несправедливостью, что направляет их энергию на борьбу за справедливость и преобразования. Столкнувшись с социальными неравенствами и коррупцией, они начинают искать альтернативные идеи и идеологии. Активное участие в борьбе за справедливость способствует формированию гражданской идентичности среди студентов. Они начинают видеть себя как часть общества, которое стремится к изменениям и улучшениям.

Однако в поисках альтернативных идей молодежь может быть более подвержена влиянию деструктивных политических и религиозных идеологий. Это особенно опасно в условиях социальных и культурных изменений, когда традиционные структуры подвергаются сомнению, а новые идеи могут казаться более привлекательными.

В целом, юношеский максимализм и острое чувство социальной несправедливости могут быть двойственным явлением: они

способствуют формированию активной гражданской идентичности, но также делают молодежь более уязвимой к влиянию деструктивных идеологий. Поэтому важно развивать образовательные программы и гражданское образование, которые помогут молодежи развить критическое мышление и умение различать конструктивные и деструктивные идеи.

**Арыпбекова К.Б.** - филос.и.к., доцент м.а.: Ар кандай диний жамааттар Кыргызстанда жарандык иденттүүлүктүн өнүгүшүнө (калыптанышына) кандайча өбөлгө түзөт же тоскоолдук кылат?

**Жооп:** Диний жамааттар Кыргызстанда жарандык иденттүүлүктүн өнүгүүсүндө талаштуу болсо да олуттуу роль ойнойт. Бир жагынан алганда, диний жамааттар көбүнчө коомдук тилектештиктин жана ички туруктуулуктун калыптанышына өбөлгө түзгөн социалдык институт катары иштешет. Айрыкча Кыргызстандын көпчүлүк бөлүгүн түзгөн мусулман коомчулугу адеп-ахлак нормаларын калыптандырууда, ошондой эле мүчөлөрүнө социалдык колдоо көрсөтүүдө чоң роль ойнойт.

Башка жагынан алганда, диний жамааттардын таасири, өзгөчө мамлекеттин светтик институттары менен өз ара аракеттенүү контекстинде инсандын эркиндигине жана жарандык укуктарына белгилүү бир кысым көрсөтүшү мүмкүн. Кээ бир диний жамааттар өздөрүнүн мүчөлөрүнүн диний өзгөчөлүгүн жарандык коомго караганда секуляризациялоо жана жарандык тилектештик процессине тоскоол кылышы мүмкүн. Бул ар кандай диний жана этникалык топтордун ортосундагы чыр-чатакка алып келип, жарандык коомдун өнүгүшүнө тоскоол болушу мүмкүн.

Ошентип, дин тутуу эркиндиги менен жарандык укуктардын ортосундагы тең салмактуулукту табуу, Кыргызстанда коомдук ынтымакка жана жарандык иденттүүлүктүн туруктуу өнүгүүсүнө

жетишүү үчүн ар түрдүү диний жана этникалык топтордун ортосундагы диалогду жана түшүнүшүүгө дем берүү маанилүү.

**Кочкорова Д.А. –** филос.и.к., доцент м.а**.:** Кыргызстандын көп улуттуу жана көп диндүү коомунун контекстинде жарандык иденттүүлүктү сактоодо жана алга жылдырууда кандай кыйынчылыктар бар?

**Жооп:** Кыргызстандагыдай көп улуттуу жана көп конфессиялуу коомдо жарандык иденттүүлүктү сактоо жана алдыга жылдыруу кылдат талдоону жана комплекстүү мамилени талап кылган татаал маселе. Бул контексттеги негизги көйгөйлөр төмөнкүлөрдү камтышы мүмкүн:

1. Этникалык жана диний чыңалуу: Өлкө бай маданий мурастарга ээ, бирок ошол эле учурда ар кандай этникалык жана диний топтордун ортосундагы чыр-чатактарга дуушар болот. Бул жалпы жарандык иденттүүлүктүн калыптанышына тоскоолдуктарды жаратышы мүмкүн.
2. Саясий туруксуздук: Саясий чөйрөдөгү туруксуздук этникалык жана диний айырмачылыктарды саясий максаттарда эксплуатациялоого, бөлүнүүнүн тереңдешине жана жалпы иденттүүлүктүн калыптанышын кыйындатат.
3. Экономикалык теңсиздиктер: Ресурстарды бөлүштүрүүдө теңсиздик ар кандай этникалык жана диний топтордун арасында социалдык нааразычылыктарды жаратып, интеграцияны жана социалдык биримдикти кыйындатат.
4. Интеграциянын жана инклюзиянын эффективдүү механизмдеринин жоктугу: Этностор аралык жана диндер аралык диалогду колдоого багытталган эффекттивдүү программалардын жана саясаттын жоктугу жалпы жарандык иденттүүлүктүн өнүгүшүнө тоскоол болушу мүмкүн.

**Жыйындын төрагасы:** Кесиптештер, эми талкууга өтсөк.

**Сариева К.С. -** филос.и.д., профессордун м.а.: Кыргыз философиясында идентификация түшүнүгү илгертеден бери эле орун алып келгендей, кыргыздарда адамдын ата-тегин, жайын сурайт, өз ара мамилелерде дагы, кыз алып - кыз берүүдө, кудага түшүүдө, теги кандай экен, жагдайы кандай экен деп сураштырат, мына ошондон кийин анан мамилелерди андан ары улантышат. Бул деги эле кыргыздарда идентификация болгонбу, же болбогонбу деген сөздөн, түшүнүктөн келди. Елиза Шамшарбековнанын авторефератын карап чыктым, биринчи жакшы жактарынан баштайын, тема актуалдуу, кечээки окуялардан кийин (чет өлкөлүк студенттер менен болгон конфликт) студент жаштардын ортосундагы мамилелер актуалдуулугун көрсөтүп турат. Экинчиден, диссертациялык иш мамлекеттик тилде аткарылган, автордун патриот экендигин көрсөтүп турат. Диссертант ар бир түшүнүккө аныктамасын, дефиниция берип, аракеттенгени көрүнүп турат. Кемчиликтери: ишти талкууга коюп атканда эле, кадамды түз башташ керек, авторефератка, диссертацияга коюлган талаптар бар. Авторефераттын көлөмү чоң, кыскартуу зарыл. Мазмуну боюнча, эмпирикалык методдор абдан жакшы көрсөтүлгөн, практикалык турмушубуз менен байланыштырып бергениңиз жакшы. Бирок темаңызга жараша маңызы жөнүндө таанып билүүдөгү эволюциясын, диалектикалык жолу жөнүндө, кемчиликтер, оң жана терс жолдор жүрүп атпайбы, “жарандык” түшүнүктү калыптандыруунун, анын себептерин, ошолордун ортосундагы карама-каршылыктар, натыйжасы, кантип оңдоонун жолдору философиялык түшүнүктөр менен берилиши зарыл. Басым, эмпирикалык методдорго коюлганын көрүп атам. Сизди эске алат деп эсептейм. Кыргыз авторлоруна аз көңүл бурулган, бул багытта иштеген философтор көп, иштерин карап чыксаңыз. Эмгегиңиз бар. Жалпысынан алганда, КР УАКтын талаптарына жооп берет. Диссертациялык ишиңизди колдойм, сунуштайм.

**Сааданбекова Ч.И**. - филос.и.д.: Елиза Шамшарбековнанын ишин кызыгуу менен окуп чыктым. Диссертант менен баарлашып, иш тууралуу оозеки пикирлеримди айткам; биринчиден, жаш курак, муун аралык X, Y, Z заманбап түшүнүктөр менен аныктамалар берилсе; экинчиден, социологиялык изилдөөдө: регионалдык, мегаполистик, элеттик жаштарынын өзгөчөлүктөрүн карасаңыздар жакшы конкреттүү натыйжалар болмок. Авторефератта, резюмеде civil – городской, state – государственный, sitizenship – гражданство ар бир нукта конкреттүү, бөлүп-бөлүп караса жакшы чыкмак деп ойлойм. Кыргызстандык окумуштуулардан Макен Жумагуловичтин эмгектерин изилдөөңүзгө сунуштамакбыз. Иденттүүлүктүн ички жана сырткы факторлорду көрсөтүп, «гражданин мира”, космополитен, космополит жана Байыркы Грециядагы философиянын башааттарын, “жаран” укуктук түшүнүк болгондон кийин Байыркы Римдин закондорунан көрсөтсө дагы жакшы ачыкталмак.

Диссертация өз алдынча аткарылган илимий изилдөө болуп эсептелет. Диссертациянын жарык көргөн бардык эмгектери, коргоого сунушталуучу жоболору, жеке автор тарабынан аткарылды жана иштелип чыкты. Изилдөө жакшы илимий-теориялык деңгээлде аткарылган. Жарандык иденттүүлүк түшүнүгүнө берилген анализ автордун жетишээрлик илимий даярдыгынан кабар берет. Негизги теориялык жоболор жана жыйынтыктар, сунуштар жогорку даражада негизделген, алар аныктыгы жана жаңылыгы менен айырмаланат, каралган маселенин негизинде чыгарылган жалпылоолор изилдөөнүн жаңылыгы, логикалык негизделиши, далилдениши менен өзгөчөлөнүп турат. Ишти толугу менен колдойм, сунуштайм.

**Курбанова Н.У**. - тарых илимдеринин доктору, профессор: Елиза Шамшарбековна менен чогуу иштеп, диний иденттүүлүк маселелери боюнча бир нече макалаларды чыгардык. Бул проблемага тиешелүү: Жарандык иденттүүлүктүн калыптанышына (диний,

тарыхый, социалдык-маданий, саясий, инсандык, үй-бүлө, коом, саясат, ж.б.) факторлордун бүтүндөй комплексин изилдеп чыктык. Жогоруда айтылгандардын баары, бир жагынан, изилдөөнүн темасын тандоону аныктаса, экинчи жагынан, анын актуалдуулугунун жогорку даражасын ырастайт. Иш жакшы жазылган. Диссертациялык ишти колдойм. Иш талкуудан өтсө, мамлекеттин негизги колдонуучу жана келечегине кызмат кылган эмгектерден болот деп ишенем. Ар кандай иштин кемчилдиги болот. Кесиптештерим белгилеп кеткен мүчүлүштүктөрдү оңдоп кетүүнү сунуштайм. Негизинен алганда, аталган эмгекти коргоого сунуштайм.

**Кочкорова Д.А.**: Диссертациялык иш мамлекеттик саясат менен шайкеш экен көрүнүп турат. Иш аябай көлөмдүү экен, диссертанттын чоң бир эмгеги бар экендиги далилдеп турат. Диссертацияны биринчи жолу талкууга коюп атасыз, талкуулар алдыда, коргоо алдында конструктивдүү сын пикирлер баалуу деп эсептейм. Кемчиликтерине токтолоюн, айрым бир теориялар жакшы редакцияланбай калгандай элес калтырды. Илимий теорияларга комментарийлер берилбестен өз позицияңызды авторефератта көрө албадым. Айрым техникалык, орфографиялык кемчиликтер бар. Бирок, ал диссертациянын маанисине, маңызына таасир этпейт жана деңгээлин түшүрбөйт деп ойлойм. Мен диссертанттын өлкөбүздөгү жана чет өлкөдө жарык көргөн илимий макалалары менен да таанышып чыктым. Баарында көйгөйлөр талдоого алынган. Чындыгында, ааламдашуу доорунда бул маселенин актуалдуугу жогору. Сөзүмдүн аягында айтаарым, КР УАКтын талаптарына жооп берет, айрым кемчилдиктерди оңдоо менен кийинки баскычтагы коргоого сунуштайм.

**Каниметов Э.Ж**. – филос.и.к., доцент: Диссертация менен таанышып чыктым. Диссертация Президенттин жарлыгы боюнча Кыргыз Өкмөтүнүн Кыргыз жараны концепциясы токтомуна ылайык

жазылган. Ушул проблеманын үстүндө иш жүргүзүү университеттерге илимий иштерди жазуу боюнча тапшырык, заказ коюлган. Бул проблемага терең, философиялык анализ жүргүзүү зарыл. Азыркы мезгилде Кыргызстандын жаштарынын чоң трагедиясы – философиялык, социалдык-гуманитардык билимдеринин жоктугу, ошол себептерден ар кайсы диндерге кирип кетиши. Экономикалык, финансылык, глобалдаштыруу, «вестернизация», «модернизация» багыттарынын ичинен биз эң жаман багытында баратабыз. Ошол финансылык агым, экономикалык глобалдаштыруу саясаты болбосо радикалдаштыруу ислам саясаты жайылып, арабтар жагынан мечиттер салынат беле, а балким, такыр башкача картина болмок. Азыркы убакытта терең изилдөөлөр жүргүзүү абзел. Студент жаштардан гуманисттер ким деп сурасак, Ч.Айтматов менен Чубак ажы Жалиловду мисал келтиришет.

Диссертацияда 1-параграфта кыргызстандык философтор, дүйнөлүк философиялык багыттагы изилдөөлөр көрсөтүлгөн. Ушул абалдан кантип чыгабыз? Этникалык, диний иденттүүлүктөрдүн аркасында мамлекеттик иденттүүлүктөр турат. Алтайда, Башкирияда, Казакстанда жаштардын иденттүүлүгүн калыптандыруу боюнча изилдөөлөрдү карап чыгыш керек. Диссертацияны окуу курал катары даярдап чыгарса болот. Андан сырткары диссертациялык ишине байланышкан илимий макалалары менен да таанышып чыктым. Елиза Шамшарбековнанын диссертациясын колдойм, ийгилик каалайм. Улуттук аттестациялык комиссиянын талаптарына жооп берет, коргоосуна ийгилик каалайм.

**Осмонова Д.А.** - филос.и.д., профессор: На самом деле, тема диссертации является весьма актуальной в свете последних событий. Эта работа содержит ценностный компонент, а её практические рекомендации будут иметь прикладное значение. Как уже было сказано ранее, это первое обсуждение, и у диссертанта ещё

достаточно времени для доработки. Я думаю, что шлифовка работы будет проводиться логично и последовательно, и она будет доведена до логического завершения.

Вообще, как я поняла, эта проблема рассматривалась междисциплинарно, на стыке педагогических и социологических позиций. Сейчас она обобщается с социально-философских позиций, что отрадно и приветствуется. Как отметил Эмиль Жангорозович, это также является социальным заказом, поскольку общество в настоящее время нуждается в научных рекомендациях. Первый указ Президента «О духовно-нравственном воспитании» тесно связан с темой диссертации. Поэтому, эта работа, безусловно, приветствуется. Желаю вам удачи и успехов!

**Алымкулов З.А.**- филос.и.к., доцент: Иш боюнча, тема актуалдуу. Өткөндөгү окуялар жөнүндө жогоруда айтылып кетти. Азыркы учурда жаштар өз иденттүүлүгүн издөөдө? Демек тема сөзсүз түрдө актуалдуу. Тема коюлушу боюнча тактоо керек деген сунушту киргизет элем. Андан тышкары, иштин максаты туура, коюлган милдеттерди такташ керек, кыскача берилип, философиялык категориялардын алкагында тактоо жүргүзүп коюу зарыл, анан ошонун негизинде жыйынтыктар туура келип чыгат деген ойдомун. Экинчи маселе, маданий глобалдашуунун алкагында жарандык иденттүүлүк, диний иденттүүлүктөр каралат, себеби азыркы жаштар ошол процесстерге кабылышып атат. Эмиль Жангорозович «вестернизация» жөнүндө айтып кетти. Салттуу маданият жаштардын арасында өнүккөн, бул маселени маданияттын глобалдашуусунун алкагында өзүнүн ордун коюш керек. Жарандык иденттүүлүктү изилдөөдө салттуу маданияттын глобалдашуунун контекстине салынып, иште каралып атат. Демек, бул иш актуалдуу. Философиялык категориалдык аспектиде бир топ жыйынтыктарды чыгарса болот, ал иште бар. Философиялык жыйынтыктарды чыгарып

коюш керек. Мисалы, социологиялык сурамжылоонун жыйынтыктарына философиялык анализ жүргүзүү, бул чоң эмгек. Сурамжылоо болду, жыйынтыктар келди, ошол салыштырма иретинде философиялык, аксиологиялык нуктарга алып келип, корректировкалап, аныктап коюш керек. Диссертациялык ишти колдойм жана коргоого сунуштайм.

**Алымкулов М.С.** - филос.и.д., профессор: Елиза Шамшарбековнанын диссертациялык ишин карап чыктым, суроолорумду каалоо-тилектеримди кагазга жазып диссертантка бердим. Актуалдуулугу боюнча, жакында эле Ички иштер академиясында конок лекцияга чакырылып, ушул тема боюнча курсанттарга лекция окудум. Азыркы кезде бул проблема жеке эле бизге эмес, көп мамлекеттерге тиешелүү. Чакан мамлекеттердин көйгөй маселеси. Коңшу мамлекеттердин көйгөйү. Президенттин жарлыгы концепциянын 2021-жылдан 2026-жылга чейин максаттары, эң биринчи кезекте: Мамлекеттин иденттүүлүгүн, мамлекеттин жарандыгын, кыргыз улуту келечекте кандай болот? Биз кимбиз? Биз кандай жол менен бара жатабыз? Бизди кандай көйгөйлүү маселелер курчап жатат? Ошол маселелерге, проблемаларга арналган. Эми азыркы кезде ачык эле айтыш керек, жаңы түшүнүктөр келе баштады. Мисалы, «араб кул», эч качан мындай түшүнүктөрдү кездешкен эмеспиз. Эмне үчүн? Анткени, арабдардын өздөрүнүн саясатына байланыштуу, философиялык көз караштары мамлекеттик жана экономикалык биздей чакан мамлекеттерге таасирин тийгизип жатат. Американы карап көрөлү, бул вестернизация. Ханттингтон илгери айтып кеткендей “борьба цивилизаций”. Бул жагынан “российский медведь”, тигил жагынан “китайский дракон”, бул жагынан “арабская идеология” бизди курчап турат. Ошонун баарын эске алып, Елиза Шамшарбекованын диссертациянын актуалдуулугу далилдеп турат. Азыркы кезде ушундай изилдөөлөр болушун тилейм. Жогору дагы

сын-кипирлерге кошулам. Менин оюмча, планды бир аз өзгөртүш керек. Себеби, майдаланып кеткен. Мамлекеттик түшүнүктөрдү бириктирип, дефиницияларды бир караганга басым жасаса болмок деп эсептейм. Анан экинчиден, чет өлкөлөрдө жүргөн кыргыздардын алардын кандай иденттүүлүктөрүн калыптандыра алабыз? Анткени, бизге айдан ачык чет өлкөдө бир миллиондон ашык мекендештерибиз жүрөт, алардын руханий баалуулуктары өзгөрүп атат. Кыргызстандыктардын баалуулуктарынан аrtта калат. Бир мисал келтирейин, Якутиядан келген тааныштарыбыздын балдары бул жакка көнбөй коюшту. Өздөрү кыргыз, бирок руханий дүйнөсү бөлөк. Ушундай көйгөйгө көңүл бурсаңыз, кантип иденттүүлүктү сактай алабыз? Диссертанттын эмгегине баа беришибиз керек, себеби, педагогикадан башка тармактан келип, эң актуалдуу теманы изилдеп, аракет жасап жатканына баа бериш керек. Биздин атактуу философтор башка тармактардан келишкен. Ошолор философияны алдыга сүрөп атышат. Мен ойлойм, сиз дагы философияга олуттуу чоң жанылык киргизесиз. Дагы бир сунушум, мүчүлүштүктөрдү оңдоп, жактап, бүткөндөн кийин вариативдүү сабакты киргизип, окуу курал катары сунуштасаңыз болот. Азыркы кезде, КР ББжИМде талаптарды коюп атышат вариативдүү сабак катары киргизүүгө. Мисалы, КР Президентине караштуу МБАда КТПга киргизип, сабак катары өтөбүз. Диссертациялык ишти колдойм, себеби азыркы кезге жооп берген, актуалдуу илимий эмгек, ар бир илимий иштин кемчиликтери болбой койбойт. “Идеалдуу” деген түшүнүктү философиялык терминологиясы менен түшүндүрөбүз. Бул эмгек бара-бара такшалып, бир чоң илимий жанылык болуп бере алат деп терең ишенем.

**Арзыматов Ж.С.** – филос.и.к., профессордун м.а.: Елиза Шамшарбековнанын диссертациялык иши менен тааныштым. Доктордук иш 4 баптан турат. Диссертацияга коюлган талаптар боюнча бардык бөлүктөрү: теманын актуалдуулугу, изилдөөнүн

максаты жана милдеттери, изилдөөнүн илимий жаңылыгы, илимий-практикалык мааниси, коргоого сунушталган жоболор, жеке салымы деп берилген. Биринчи баптын аталышы: “Жогорку билим берүү системасындагы студенттердин жарандык иденттүүлүктү калыптандыруунун теориялык, философиялык аспектилери”- аталышы аябай узун, “Жогорку билим берүү системасындагы” сүйлөмдү алып коюп эле, “Студенттердин жарандык иденттүүлүктү калыптандыруунун теориялык, философиялык аспектилери” кыскартууну баптын аталышы боюнча сунуштайм. “Иденттүүлүк феноменин изилдөөгө жалпы теориялык-философиялык негиздер” деген биринчи баптын биринчи параграфы атылышын дагы кыскартыш керек деп сунуштайм: “Иденттүүлүк феноменин изилдөөнүн теориялык-философиялык негиздери”. Биринчи бапта психология илиминде иденттүүлүк, педагогикадагы иденттүүлүк, социологиялык жаатындагы иденттүүлүк, деп жазыптыр. Эми, философиялык методдор бар, аларды колдонсо болмок. Мисалы, “интроекция”, психологияда көбүрөөк колдонулат, «эмпатия». Биринчи параграфтын тыянактары педагогикага басым жасагалгандай көрүнөт. Социалдык философиядан адабияттар жокко эсе. Кыргыз Республикасынын социалдык-гуманитардык илимдеринде иштелген азыраак орун берилгендей. Диссертант бул жерде төрт баскычты бериптир, ошону өнүктүрүш керек. Мисалы, 1-баскыч көчмөндөр цивилизациясы; 2-чи советтик система; 3-чү баскыч кыргыз коому эгемендик алгандан кийин; 4-чү баскыч акыркы 10-15 жылдагы кыргыз коомунун иденттүүлүгүн калыптандыруу. Ушул 4 баскычты өнүктүрүп койсонуз, анан 3-параграф «этнос, улут, жаран, жарандык» түшүнүктөрүнө философиялык анализ. Ушул жерде примордиализм, эссенциализм булардын баардыгына кенен түшүндүрмө берилиш керек. Л.Гумилевдун «пассионардык теориясына» кеңири токтолуп койсонуз болмок. Төртүнчу параграф «Диний иденттүүлүк жана анын

жарандык иденттүүлүктү калыптандыруудагы ролу». Параграфтын аталышы өтө эле узун экен. Параграфтын башында эпиграф бар экен, диссертациялык изилдөөлөрдө мындай жазылбаш керек. Экинчи баптын биринчи параграфы: «Студент жаштардын жарандык иденттүүлүгү: коомдун заманбап социалдык-маданий трансформациясынын маанилүү элементи катары». Ушул аталышты, «Жарандык иденттүүлүктүн структуралык компонентерине философиялык-методологиялык анализ» деп өзгөртүү керек. 2-баптын 2-параграфтын: «Кыргызстанда жалпы жарандык иденттүүлүктү калыптандыруу контекстиндеги этникалык жана диний факторлордун катышы» “коомдук заманбап” сөздөрүн алып коюнуз, андан мааниси өзгөрбөйт. 149-беттеги колдонулган методдорду өзүнчө берүүнү заарылчылыгы барбы? Жүргүзүлгөн социологиялык методдордо улуту кыргыз студенттерге эле жүргүзүлгөнбү деген суроо туулат. 3-параграфтын аталышындагы: “Кыргызстанда жалпы жарандык иденттүүлүктү калыптандыруу контекстиндеги этникалык жана диний факторлордун катышы”. Социологиялык суурамжылоолорду качан жүргүзүлгөндүгү жөнүндө, ошону жазып койсонор. Интроспекция, эмпатия жөнүндө дагы көрсөтүп койдум. Эмпатия - өзүнүн психикалык аракетине системалык байкоо жүргүзүү, бул иденттүүлүккө чоң таасири бар. Башка адамдардын ордунда болуу ж.б. ушул сыяктуу. 3-бапта “Студент жаштардын жарандык иденттүүлүгүн калыптандыруунун концептуалдык негиздери” жакшы аталыптыр, 3-баптын “ 1-параграфын “ Студенттер өзгөчө феномен катары” деп эле атап койсоңор. Социокультурная преемственность -социо-маданий өтүүчүлүк деп которуп жүрөбүз, изилдөөдө улантуучулук болуп которулуптур. 3-параграфтын аталышын «Студент жаштардын жарандык иденттүүлүгүн калыптандыруу модели” деген кыскартууну сунуштайм. Критерий - чен белги деп жакшы которулган. 4-баптын 1-параграфтын аталышын

“Кыргызстандын ЖОЖдорунда студенттердин жарандык иденттүүлүгүн калыптандыруунун көйгөйлөрүн концептуалдык чечүү” кыскача “Студенттердин жарандык иденттүүлүгүн калыптандыруу”деп кыскартууну сунуштайт элем. Параграфта алты социалдык- маданий шарттар жазылыптыр, шилтеме жок, же силер сунуштаган шарттарбы? Социалдык философиядан жазылган изилдөөдө коомдук аң-сезимдин структурасына, деңгээлдерине анализ берип койсоңуз диссертация утабы деген ойдомун. Иште  актуалдуу маселе козголгон, муну биз ар тараптан ар тармакта чоюп карасак болот. Коргоого сунуштайм.

**Жыйындын төрагасы:** - Урматтуу коллегалар, буга чейинки чыгып сүйлөгөндөрдүн пикирлерин эске алып, мен жыйындын талкуусун токтотуп, жыйынтыктоону сунуштаймын. Изденүүчү Е.Нусубалиеванын 09.00.13 - социалдык философия адистиги боюнча философия илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган ”Эгемендүү Кыргызстандын жаштарынын жарандык иденттүүлүк түшүнүгүнө философиялык анализ” аттуу докторлук диссертациясын коргоого кабыл алуу жагы суралсын сунуштоону колго саламын.

Макул – 16;

Каршы – ”жок”;

Калыс – ”жок”.

Сунуш бир добуштан кабыл алынды.

Жыйында негизинен күн тартибине коюлган докторант Е.Ш.Нусубалиеванын  09.00.11 – социалдык философия адистиги боюнча философия илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган ”Эгемендүү Кыргызстандын жаштарынын жарандык иденттүүлүк түшүнүгүнө философиялык анализ” атгуу доктордук диссертациясын  А. А. Алтмышбаев атындагы Философия институтуна жана Ж. Баласагын атындагы

Кыргыз улуттук университетине караштуу философия илимдеринин доктору (кандидаты), маданият таануу жана искусство таануунун кандидаты окумуштуулук даражаларды изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды коргоо боюнча түзүлгөн Д 09.22.657 диссертациялык кеңешине сунуштоо маселеси кеңири талкууга алынды. Чыгып сүйлөгөн **окумуштуулардын** сунуштарын эске алып, жыйын колго салуунун негизинде төмөнкүдөй токтом кылат:

**ТОКТОМ:**

1. И.Арабаев атындагы КМУнун изденүүчүсү Е.Ш.Нусубалиеванын 09.00.11. - социалдык философия адистиги боюнча философия илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган "Эгемендүү Кыргызстандын жаштарынын жарандык иденттүүлүк түшүнүгүнө философиялык анализ" аттуу доктордук диссертациясы коргоого сунушталсын.
2. И.Арабаев атындагы КМУнун изденүүчүсү Е.Ш.Нусубалиеванын 09.00.11. - социалдык философия адистиги боюнча философия илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган "Эгемендүү Кыргызстандын жаштарынын жарандык иденттүүлүк түшүнүгүнө философиялык анализ" аттуу доктордук диссертациясы коргоого кабыл алуу жагы суралсын.

Жыйындын төрагасы,
философия кафедрасынын башчысы,
филос.и.к.,проф.м.а. Ж.С.Арзыматов

Жыйындын катчысы, филос.и.к.,
доц.м.а. К.Б.Арыпбекова

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ